**1997—1998-ЖЫЛДЫН 10 АЙЫ ИЧИНДЕ «СУЛАЙМАН-ТОО— ОШ —3000» КООМДУК ФОНДУСУНУН ИШ АРАКЕТИ ТУУРАЛУУ МААЛЫМАТ**

# КООМДУК ФОНДДУН АРАКЕ

«Сулайман-Тоо— Ош — 3000» коомдук фонду Ош облустук мамлекеттик акимчилигинин 1996-жылдын 19-сентябрдагы № 185-токтомуна ылайык түзүлгөн. Демилге тобу тарабынан «Сулайман-Тоо—Ош—3000» коомдук фонддун Уставы жана башка зарыл документтери иштелип чыгылган.

Фонд Ош облусунун юстиция башкармалыгынан (1997-жылдын 13-январында берилген № 1-күбөлүк) статистика жана салык органдарынын каттоосунан өткөн, Ош шаарынын акционердик-коммерциялык, өнөр жай курулуш банкынан (АК ПСБ № 10020013076) эсептешүү счету ачылган.

17-январда коомдук фонддун түшоо кесүү аземи өткөрүлгөн. Мында райшаарлардын юридикалык жана жеке тарантары өздөрүнүн салмактуу кошумчаларын кошушту. 2000-жылга чейинки иш-чараларынын планы түзүлгөн. Ошол планга ылайык Бишкек шаарынын маарекесине арналган жана республиканын облустарынын, коңшулаш Өзбекстандын бизге чектеш Анжиян, Фергана, Наманган облустарынын маарекелерине арналган акцияларды өткөрүү каралууда. Ошол максатта:

—маарекелерге арналган басма-иш чарлардын бардыгын координациялап туруучу басма-рекламалык Кеңеши түзүлгөн;

— чыгымдалган каражаттарды көзөмөлдөөчү функцияны аткара турган фонддун Байкоочу Кеңеши түзүлгөн;

— фонддун аппараты түзүлгөн.

Фонд коңшулаш Өзбекстандын Анжиян, Наманган Фергана облустарынын акимдерине жана Тажик Республикасынын Тоолуу-Бадахшан автономиялуу облусунун Ходжеит облусунун өкмөттөрүнүн төрагаларына, Казак Республикасынын Жамбул жана Түштүк-Казакстан облустарынын акимдерине, ошондой эле республиканын бардык облустарынын мамлекеттик акимчиликтеринин башчыларына Бишкек шаарынын мэрине Оштун 3000 жылдык маарекесине даярдык көрүү жана маарекени өткөрүүгө арналган кайрылуу каттарын даярдоодо катышты.

«Ош—3000» гендирекциясы менен бирдикте «Ош—3000», «Ош Улуу Жибек жолу», «Ош базары», «Сулайман-Тоо — Ош—3000», «Ош —3000»—Ак-Буура» долбоорлору боюнча уюштурулуп жаткан көргөзмөлөрдү жасалгалоого үзгүлтүксүз катышты. Өлчөмү 3мх5м келген банк реквизиттери менен кооздолгон пано даярдалган.

Бириккен Араб Эмираттарынын Дубай шаарына болгон командировка учурунда фонддун аткаруучу директору С. Акматов тарабынан «Микросоник» фирмасы менен басма иштери жана оргвидео техника алуу боюнча контракт түзүлгөн. («Хитачи» маркасындагы 1 даана видеокамера, 1 даана лазердик принтер, 1 даана түстүү принтер, «Шарп» маркасындагы 1 даана ксерокс, «Сони» видеодвойкасы, сканер, ламинатор, процессор).

Уюштуруу комитетинин өткөн жылдын 1-февралындагы № 12-чечиминин негизинде коомдук фондго облмамакимчиликтин жана шаармамакимчилигинин китеп соодалоочу киоскаларынан орун бөлүнүп берилген, ошондой эле «Кыргызбасма сөз», Мамагроөнөржай, облтипография, АК «Долбоор» сыяктуу уюмдар ишканалар менен Ош шаарынын 3000 жылдык маарекесине арналгая элдик кол өнөрчүлөр жасаган буюмдарын жана басма продукцияларды сатыруу боюнча келишим түзүлгөн.

Уюштуруу комитетинин 1997-жылдын 8-февралындагы токтомуна ылайык Ош МУ фондго 1 компьютер берген. Азыркы учурда фонд зарыл оргтехника менен толук камсыз болгон.

Облмамакимчиликте жана жогорку окуу жайларында акча каражаттарын топтоо үчүн 4 урна даярдалган.

Фонд ошондой эле «Ош балдардын көзү менен» деген темада балдардын тарткан сүрөттөрү боюнча конкурс өткөрүүгө катышты.

«Слово Кыргызстана», «Кыргыз Руху», «Ош жаңырыгы», «Эхо Оша», «Ош садоси» «Акыйкат жарчысы», «Мезгил үнү», «Эркин эл» сыяктуу массалык маалымат каражаттарында бир нече жолку теле берүүлөрдө берилген рекламалардын натыйжасында республика жана облустардын кеңири коомчулугу Ош шаарынын даңазалуу маарекесине даярдыктын жүрүшү тууралуу толук маалымат алып жатышат. Коомдук фонддун эсептешүү счетуна маарекеге чегерилген акча каражаттары келип түшүүдө.

Эл көп чогулчу жайларда жана коомдук транспортто шаарыбыздын маарекесине татыктуу тосуп алууга чакырылган кайрылуулар даярдалып, илинип коюлган. Ош облустук мамакимчиликтин 1997-жылдын 26-сентябрындагы № 234-буйругунун негизинде облустун райшаарларында Ош шаарынын 3000 жылдыгына арналган марафондор өткөрүлүүдө. Ошондой эле Талас облусунун мамлекеттик структураларынын жана аксакалдарынын, жалпы эле жашоочуларынын демилгеси менен Талас шаарында «Ма-

нас—1000»ден «Ош—3000ге» эстафетаны өткөрүү девизи алдында марафон өткөрүлгөн.

Өткөн жылдын октябрь айында коомдук фонд Ош шаарында өткөн «Ош XXI кылымдын босогосунда; өтмүштөн цивилизациялуу келечекке карай» деген темадагы илимий-практикалык эл аралык конференцияга катышты жана бекитилген сметага ылайык конференциянын чыгымын финансылап берди.

Азыркы учурда аталган конференциянын материалдары боюнча «Ош—3000» китеп сериясынын 1-чыгарылышы басылды.

«Ош—3000» боюнча шаардык маданий программалаарда В. Шубин менен А. Бегешованын бий жубун Бишкек шаарында өткөрүлгөн «Латынамерикалык жана европалык бийлердин техникасы» деп аталган семинарга катышып келишине кеткен чыгымдын бир бөлүгүн финансылады (1500 сом).

«Байыркы Оштун архитектуралык эстеликтери» деп аталган илимий-популярдуу документалдуу 25 минуттук үч тилде (орус, кыргыз, англис) фильм тартылды. «Ош—3000» символикасы менен наклейкалар

# ...ЕТТЕРИ

даярдалды. «Акыл» мамлекеттик концерниде «Ош—3000»-ге арналган илимий негиздеги концепциялар басылды, ошондой эле А.Е. Захарованын Ош шаарынын тарыхый- архитектуралык мурасына арналган китеби жарык көрдү, андан тышкары ар түрдүү форматтагы календарлар, папкалар, керамикадан жасалган сувенирлер чыгарылды.

«Заман Кыргызстан» гезити менен келишим түзүлүп, 2 түрдүү көкүрөк белгилер, стол үстүнө коюлуучу прибордор, буклеттер, коомдук фонддун реквизиттери түшүрүлгөн рекламалык баракчалар чыгарылды.

Азыркы мезгилде «Ак калпагың башыңдан түшпөй жүрсүн» деп аталган 1 минуталык видероликти тартып аяктап калды, ошондой эле «Байыркы Оштун археологиялык казуулары» деген наамдагы видеофильм (документалдуу) тартылды. Кыргыз Республикасынын II Спартакиадасында элдик кол өнөрчүлөрдүн буюмдары менен сувенирлери көргөзмөгө коюлуп сатылды. «Кыргызполиграфкомбинаты АК»сы жана «Шам» басмасы менен биздин республиканын окумуштуулары, жазуучуларынын эмгектерин басып чыгаруу боюнча (М. Эркебаев— «Алымбек Датка» —социалдык-саясий очерк, К. Ташбаевдин «Ош —кечээ —бүгүн жана—эртең» деген китебин , Т. Мияшевдин —«С. Ибраимов, А. Алиевдин «Мухаммед Бабур—Орто Азия ренессансы доорундагы личность» деп аталган китептерин) келишим түзүлгөн.

«Алмаз» радиоканалы боюнча Ош шаарынын тарыхы, архитектурасы жана маданиятына арналган радиоконкурс ай сайын өткөрүлүүдө. Ошондой эле Ош телерадио компаниясы да Оштун 3000 жылдыгына арналган телеконкурсту алып баруууда.

Рекламалык иштер боюнча массалык маалымат каражаттары (КТР, Ош телерадиокомпаниясы, Азия—ТВ, «Ош жаңырыгы», Ош—ТВ, Керемет, Эркин Ала—Тоо, «Кыргыз Руху», «Эхо Оша»,) менен кызматташып иш алып барылууда. Ош облустук мамлекеттик акимчилиги, «Ош—3000» гендирекциясы менен биргеликте «Ош шаары жана Ош облусунун монгол дооруна чейинки тарыхы» деген темада эл аралык конференция өткөрүлдү жана финансыланды. Ош облустук мамакимчилигинин катына ылайык Ош облусунун райшаарларында жана Бишкек шаарында «Сулайман—Тоо —Ош —3000» коомдук фонду тарабынан басма продукциялар чыгарылды жана таркатылды.

Ош шаарынын мамлекеттик акимчилиги менен биргеликте Авик—Тайм фирмасы (Санкт —Петербург) менен «Ош—3000» эмблемасы басылган сувенирлерди, басма продукцияларды даярдоо боюнча иштер жүргүзүлүүдө.

**С. АКМАТОВ,**
**Коомдук фонддун аткаруучу директору.**